УДК: 165.9
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-299-303

**Шамшидин уулу Д.**
аспирант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Шамшидин уулу Д.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Shamshidin uulu D.**
Graduate Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# ОРТО АЗИЯЛЫК МУСУЛМАНДАРДЫН АЖЫЛЫК САПАРЛАРЫНДА “ТЕККЕЛЕРДИН” РОЛУ

# РОЛЬ “ТЕККЕ” В ПАЛОМНИЧЕСТВЕ МУСУЛЬМАН СРЕДНЕЙ АЗИИ

# THE ROLE OF “TEKKE” IN THE PILGRIMAGE OF MUSLIMS OF CENTRAL ASIA

**Аннотация:** Орто Азиялык мусулмандар ислам дининин негизги беш шартынын бири болгон ажылык парзын аткаруу максатында бир канча багыт аркылуу Меккеге барып турушкан. Жолдун бир кыйла узак болгондугуна карабастан Стамбул аркылуу да барган адамдар болгон. Алар көбүнчө Осмон мамлекетинин аймагында жайгашкан “текке” деп аталган атайын ибадатканаларда баш калкалап, тыныгуу алышып, андан ары жолун улашкан. Аталган ибадатканаларда ажыга баруучулар үчүн бардык шарттар түзүлүп, тамак-аш менен да камсыздалып турган. Жалпысынан теккелердин көбү Стамбулда орун алган. Орто Азиянын ар кыл аймагынан кыргыздар, казактар, тажиктер, өзбектер, уйгурлар Меккеге бара жатып, теккелерде баш калкалап, кайра Меккеден кайтып келе жатканда кайрылышкан.

**Негизги сөздөр:** Стамбул, Мекке, өзбек теккелери, ажылык, Орто Азиялык мусулмандар

**Аннотация:** Мусульмане из Центральной Азии раньше шли в Мекку по нескольким путям, чтобы совершить хадж, который является одним из пяти основных требований ислама. Несмотря на более длинный маршрут, были люди, которые шли через Стамбул. Они останавливались в специальных домиках под названием «текке», расположенных на большей части на территории Османского государства, чтобы отдохнуть, а потом продолжить путь. В этих домиках были созданы все условия для паломников, включая питание. Большая часть текке была расположена в Стамбуле. Кыргызы, казахи, таджики, узбеки и уйгуры из разных регионов Средней Азии использовали текке как остановку к Мекке и, когда возвращались из Мекки, тоже.

**Ключевые слова:** Стамбул, Мекка, Текка, Паломничество, Мусульмани из Центральной Азии

**Annotation:** Muslims from Central Asia used to go to Mecca along several paths to perform the Hajj, which is one of the five basic requirements of Islam. Despite the longer route, there were people who walked through Istanbul. They stayed in special houses called "tekke", located mostly

on the territory of the Ottoman state, to rest, and then continue on their way. All conditions for pilgrims were created in these houses and food was provided. In general, most of the tekkes are located in Istanbul. Kyrgyz, Kazakhs, Tajiks, Uzbeks and Uighurs from different regions of Central Asia used tekke as a stopover to Mecca, and when they returned from Mecca too.

**Keywords:** Istanbul, Mecca, Pilgrimage, Tekka, Muslims from Central Asia

Азыркы күнгө чейин дүйнө жүзүндөгү бардык мусулмандар ажылык парзын аткаруу үчүн жылдын белгилүү мезгилдеринде Меккени көздөй сапар алышат. Өткөн кылымдарда ажылык сапары бүгүнкүдөй шарттардын жоктугунан кыйла машакаттуу болуп, бир нече айларга чейин созулган. Айрыкча бул абал Орто Азиялык мусулмандарга да тиешелүү болуп саналат. Алардын арасынан Стамбул аркылуу Меккеге баргандар да болгон. Башка багыттарга салыштырмалуу бул жолдун кыйла узун экендигине карабастан, дал ушул багыт аркылуу Меккеге барышы Осмон мамлекетинин Орто Азиялык ажыларга айрыкча көңүл бөлүп, түзүп берген шарттары жана эң негизгиси алардын коопсуздугуна кам көргөндүгү менен байланыштуу десек болот [1, 8-б.]. Орто Азиялык мусулмандар *“текке”* деп аталган атайын курулган имараттарда, (ибадатканалар) ажылык сапары үчүн жолго чыга турчу кербендерди күтүп убактылуу жашап турушкан. Осмон түркчөсүндө “текйе”, азыркы учурда “текке” деп айтылган сөздүн негизги тамыры жөнүндө маалымат жок. Кээ бир изилдөөчүлөр бул сөздүн арапча бир сөздөн келгендигин айтышкан, бирок классикалык арапчада “текке” деген сөз табылган эмес. Осмон түркчөсүндө “текке” сөзү XV – кылымдан баштап колдонула баштаган. Жалпысынан теккелерди шейхтер, падышалар курдурушкан. Кээ бир учурларда шейхтин колунан келген мүмкүнчүлүктөрү менен жасалган теккелер убакыттын өтүшү менен вакыфтардын жардамы менен кеңейип, бардык мусулмандар үчүн ар тараптуу кызмат көрсөтүп баштайт [2, 370-б.]. Архивтик булактардан алынган маалыматтар боюнча теккелер намазканасы, атайын илим ала турчу окуучулардын жашаган бөлмөлөрү, сабак өтө турган дарсканалары, ашканасы, ажылар үчүн ылайыкташкан конок жайлары, нан бышырган жайына чейин салынган бардык курулуштар бир жерде топтолгон жайды элестетет. Теккеде бир нерче адамдар ар кандай кызматты аркалашкан. Мисалы теккенин башчысы, кагаз иштери менен алектенген катчы, казыначысы, теккенин имамы, сабак берген мугалими, күндүн кайсы убагы болбосун теккеге келген конокторго, кедей-кембагалдарга тамак жазап берип турган ашпозчусу, дайыма дуба кылуу менен алек болгон адамы жана айлана-чөйрөсүнүн, ар бир бөлмөлөрдүн тазалыгына жоопкер адамдары болгон. Мына ошондуктан бир эле теккеде бир канча адам эмгектенген [3, 5-б.].

Эң алгач Түркстан аймагынан ажылык үчүн сапарга чыккан мусулмандар Стамбулда Ейуб Султан аймагында өздөрүнүн чатырларын тигишип, баш калкалашкан. Султан III Мустафа бир күнү карапайым адамдардай болуп кийинип, элдин жашоо-шарты менен таанышып жүргөн учурунда Орто Азиядан келген мусулмандардын чатырына кирип калат. Алардын максаты Стамбулдан Меккени көздөй жолго чыккан кербендерге кошулуу болгон. Султан III Мустафа ажылык парзын аткаруу үчүн бара жаткан Орто Азиялык мусулмандар менен баарлашып, меймандостугуна ыраазы болуп, Орто Азия мусулмандарына арнап, атайын ажылыкка барып жана кайтып келе жатканда баш калкалай турган текке курууга буйрук берген. Кийинчерээк мына ушул текке “Өзбек теккеси” деп аталып калган. Аталган теккенин курулуш иши 1757-жылы толук түрдө аяктаган. Ошону менен катар Орто Азиялык мусулмандар үчүн курулган Букара жана Ейуб теккелери да XX кылымдын башына чейин кызмат кылып турган. Өзбек теккелерине келип белгилүү бир мөөнөт жашап кеткен

адамдардын аты-жөнү, теккеге келген жылы туурасында атайын дептерге жазылып турган. Мына ошол дептерден ажылыкка бара жатып, теккеде жашап кеткен Орто Азиялык мусулмандар туурасында маалыматтарды табууга болот. Көбүнчө Ташкент, Кокон, Самарканд, Букара, Кашкар, Маргалаң, Андижан, Каракол жана Ош шаарларынан келген мусулмандардын аттары көп кездешет [4, 233-б.]. Төмөнкү №1 таблицада Меккеге бара жатып жана айрымдары Меккеден кайтып келе жатканда Кудуста жайгашкан Өзбек теккесинде бир канча убакыт жашап кеткен Орто Азиялык мусулмандардын аты-жөнү, теккеге келген жылдары, жашы, кайсыл жактан экендиги туурасында маалымат берилген. Себеби, дээрлик бардык теккелерде келип жашап кеткен адамдардын тизмеси жазылып турган [5, 82-б.].

**№1 таблица**

| Аты | Атасынын аты | Туулган жери | Жашы | Келген жылы |
|---|---|---|---|---|
| Абдал Гафур | Абдал Сатар | Кокон | 45 | 1912 |
| Абдал Ислам | Мухаммед | Кабул | 30 | 1911–1912 |
| Абдал Кадыр | Мухаммед Фадыл | Кокон | 25 | 1914–1915 |
| Абдел Кадыр | Кары Саид | Бухара | 37 | 1911–1912 |
| Абдел Кадир | Рустем | Кокон | 29 | 1914–1915 |
| Пазар хожа | Рахман Хожа | Бухара | 38 | 1912–1913 |
| Мухаммед | Разых | Кокон | 21 | 1911–1912 |
| Мухиддин | Абдаллах | Ташкент | 48 | 1911–1912 |
| Момун Жан | Давуд Жан | Андижан | 26 | 1912–1913 |
| Нур | Турду | Кашкар | 22 | 1912–1913 |
| Осмон | Токто | Ош | 55 | 1911 |
| Рузида | Абдаллах | Кашкар | 50 | 1911–1912 |
| Саид Муххаммед | Мухаммед али | Кокон | 23 | 1912–1913 |
| Султан | Абдали | Ташкент | 35 | 1911–1912 |
| Султан | Ибрахим | Букара | 46 | 1911–1912 |
| Умар | Жунус | Кокон | 35 | 1914–1915 |
| Уста | Акун | Самарканд | | |
| Узак | Акмат | Маргалан | 35 | 1914–1915 |
| Вахаб | Молдо Алим | Кокон | 25 | 1914–1915 |
| Ядигар | Муглаг | Бухара | 33 | 1914–1915 |
| Ялдаш | Назкуз | Андижан | 32 | 1914–1915 |
| Туркан | Мухаммед Рахым | Ташкент | 35 | 1914–1915 |
| Уста Худаяр | Молдо Сабыр | Бухара | 28 | 1914–1915 |

Жалпысынан Түркстандан келген ажылар Өзбек теккелеринде бир жума же болбосо он күнгө чейин кала алышкан. Бай адамдар теккенин шейхине өлкөлөрүнөн алып келишкен белек-бечкектерин тапшырышкан. Шейхтер болсо алардын алып келген белектерин башка муктаж болгон ажыга баруучуларга берүү максатында гана кабыл алышкан. Ошону менен катар кээ бир шейхтер жардамга муктаж болгон Түркстандык ажыларга материалдык жардам да көргөзүп турушкан. Ар бир теккеде күн сайын эки кой союлуп, анын бирөө теккеге келген адамдарга, бирөөсү болсо жетим-жесирлерге берилип турган. Айрыкча жума күндөрү теккеге көптөгөн коноктор келишкен [6, 138-б.].

Осмон мамлекетинин аймагында курулган теккелер жалпысынан кербен өтө турган жолдорго жакын курулгандыгы байкалат. Аталган теккелердин калкка сунган кызматына карап, эки группага бөлсөк болот. Биринчи группадагылар көбүнчө суфи илимине басым жасаса, экинчи группадагылар атайын ажылык сапарына аттанган мусулмандарга кызмат кылган. Өзбек теккелеринде Орто Азия тилдеринде сүйлөшкөн. Мисалы, XIX кылымдын ортолорунда Вамбери Орто Азия тилдерин үйрөнүү жана жалпы эле алардын маданияты менен таанышуу максатында бат-баттан Өзбек теккелерине барып тургандыгын жазат. Аталган теккелерде Орто Азиядан келген ажылар менен баарлашуусу Вамберинин аймакка болгон кызыгуусун ого бетер арттырган [7, 13-б.].

Теккелерге келип байырлаган ажыга баруучулар ажылык боюнча кербендердин жолго чыгышын күтүп бир кача убакытка жашап турушкан. Ал гана эмес согуш болгон учурларда жылдап калып калгандары да болгон. Мисалы, Саид Желал Эфенди ажылыкка бара жатып, Стамбулда төрт жыл бою жашап калат. Себеби, ошол учурда Биринчи дүйнөлук согуш чыгып, андан ары жолун улантуу мүмкүн болгон эмес. Күнүмдүк чыгымдарын каржылоо максатында теспе сатуу менен алек болот [8, 9-б.].

Теккелер жалпысынан Стамбулда көбүрөөк курулгандыгы байкалат. Стамбулда бир Афган, бир Казан, үч Инди жана төрт Өзбек теккеси курулган. Ал эми Кудуста бир Өзбек теккеси, бир Инди теккеси жана Афган теккеси курулган. Дал ушул теккелерде ажыга баруучу Орто Азиялык мусулмандар баш калкалап, Меккеге бара жатканда жана кайтып келе жатканда байырлап турушкан [4, 33-б.].

Жердиги Өзбекстандан келген накшыбенди шейхтеринин башкаруусундагы Султан Ахмедте курулган текке Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин арасында саясий жана маданий мамилелердин ортосундагы бир көпүрө катары кызмат кылган. Аталган теккеге келген шейхтер Орто Азия хандыктарынын Стамбулдагы бир өкүлү катары да каралган. Мисалы, XVIII кылымда Яхя Эфенди, XIX кылымда Мехмед жана Сулайман аттуу адамдар Орто Азиянын бир өкүлү катары кызмат кылышкан. Өзбек теккелеринде Орто Азиядан келген ажыларга эт, кара өрүк жана атактуу Өзбек палоосун берип турушкан. Айрыкча Курман айт күндөрү теккенин ашканасында атайын тамактар жасалып, келген меймандарга таратылган. Тамак ичилип бүткөндөн кийин, анын артынан куптан намазына чейин мевлуд окулуп, чагатайча жана уйгурча диний ырлар айтылган [9, 260-б.].

Теккелерге Орто Азиянын чыгышы, батышы, түндүк жана түштүгүнөн өзбек, казак, кыргыз, түркмөн, тажик улутундагы Меккени көздөй жолго чыккан ажыга баруучулар келип, тыныгуу алышып андан ары жолун улантышкан. Бул кадимкидей кербен сарай катары кызмат кылган.

Айрыкча XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Меккеге Стамбул аркылуу жол алган Орто Азиялык мусулмандардын санынын арткандыгына байланыштуу текке жетекчилиги ажылыкка абдан чоң көңүл бура баштаган. Мына ошол учурда жалпы мусулмандар Меккеге бара жатып, Стамбулда Осмон падышасы менен учурашуу өзгөчө мааниге ээ деп эсептешкен. Осмон султаны көбүнчө жума намазын Ейуб Султан мечитинде окугандыктан Орто Азиялык мусулмандар султан менен жолугуп калуу максатында ага жакынырак Ейуб Өзбектер теккесинде жайгашууну каалашкан. Аталган теккеге ажыга баруучулар 1925-жылга чейин, тагыраагы теккенин жабылышына чейин уланган [9, 203-б.].

Жогоруда да белгиленип өткөндөй Осмон мамлекети жыл сайын белгилүү убактарда атайын Меккени көздөй бара турчу кербендерди уюштуруп турган. Мына ушул кербендер менен жолго чыгуу ажыга баруучулардын коопсуздугу үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон.

Ансыз да Стамбулга чейин өтө узун жолду басып келген Орто Азиялык мусулмандар дал ушул кербендерге кошулуп калууга далалат жасашкан. Меккени көздөй жолго чыккан кербендер Осмон мамлекети тарабынан алдын ала белгиленген жол картасы аркылуу гана жүргөн. Мына ошондуктан дал ошол жолдун боюнда жайгашкан теккелерге келип, тыныгуу алышып, андан ары жолун улашкан [10, 221-б.]. Бир кербен күнүнө орталама 8 саат, болжол менен 35-40 километр жол жүргөн. Мына ошондуктан жолдун ар бир 30 километринде бирден кербен сарай же текке салынган. Ал эми Орто Азиялык мусулмандар үчүн курулган Өзбек теккелери 30 километрде бирден болбосо да, жол боюндагы белгилүү шаарларда курулган [11, 37-б.]. Мисалы, Жидда, Багдат, Халеп, Египет, Мекке жана Кудус сыяктуу шаарларда бир канча Өзбек теккелери курулган [12, 52-б.].

Жыйынтыктап карасак, Орто Азиялык мусулмандардын ажылык парзын аткаруусунда атайын алар үчүн курулган теккелердин ролу өтө чоң болгон. Себеби, Меккеге бара жатканда жана Меккеден кайтып келе жатканда да теккелерге кайрылып эс алышып, көбүнчөсү бир жумага жакын убакыт калса, кээ бирлери ар кандай күтүлбөгөн кырдаалга байланыштуу узак мөөнөткө да жашап калышкан. Осмон мамлекети алардын муктаждыктарын камсыздандыруу максатында ар дайым материалдык колдоолорду көргөзүп турган. Ошондуктан жыл санап Стамбул аркылуу Меккеге барган Орто Азиялык мусулмандардын саны арткан.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Yusuf Sarınay, “Türkistanlı Hacıların Ziyaret Merkezi Olarak İstanbul”, Bilig - Türk Dünyası Sosyal Bilimler Dergisi, Sayı: 88, Kış 2019.

2. Mustafa Kara, “Tekke”, TDVIA, c.40, İstanbul 2011.

3. Barkan, Ömer Lütfi. (2015). “İstila Devirlerinin Kolonizatör Türk Dervişleri ve Zaviyeleri”, İnsan ve İnsan Dergisi, sy.5, s. 5-37

4. Erşahin, Seyfettin, “Osmanlı Devleti ve Türkistan Müslümanlarının Hac Seferleri (Çarlık Döneminden Günümüze)”, Diyanet İlmi Dergi, (Osmanlı Özel Sayısı), XXXV/1, 1999.

5. Zarcone, Thierry, Kudüs’teki Orta Asyalı ve Hintli Sufi Hacılar, Çev: Berna Akkıyal, İstanbul 2011.

6. Grace Martin Simith, “The Özbek Tekkes of İstanbul” Der Islam, Berlin 1980.

7. Arminius, Vambery, Bir Sahte Dervişin Orta Asya Gezisi, Çev: Abdurahman Samipaşazâde Abdülhalim, İstanbul 2009.

8. Zarcone, Thierry, Kudüs’teki Orta Asyalı ve Hintli Sufi Hacılar, Çev: Berna Akkıyal, İstanbul 2011.

9. Yücer, Hür Mahmut, Osmanlı Toplumunda Tasavvuf, (19.yüzyıl). İstanbul 2004.

10. Süleyman Beyoğlu, Millî Mücadele ve Özbekler Tekkesi, Üsküdar Sempozyum Bildirileri, C.I, 2004, s201-21.

11. Özvar, Erol (2005), ”Osmanlı’da Gümrükler ve Kervanlar”, Osmanlı, Medeniyet, Siyaset, İktisat, Sanat, İstanbul.

12. Özergin, M. Kemal (1970), “XVII. Yüzyılın İkinci Yarısında İstanbul Şam Yolu”, Karayolları Bülteni. s-34-38.

13. Bilge, Mustafa (1992), “II. Abdülhamit’in İslam Birliği Çağrısı ve Fas”, II. Abdülhamit ve Dönemi Sempozyum Bildirileri, İstanbul.

**Рецензент: тарых илим. док., проф. Курбанова Н.У.**